**«Экстремалдык медицина жана өмүр коопсуздугу» кафедрасынын студенттик илимий- изилдөө ишмердүүлүгүнүн (НИРС) 2021/22- окуу жылы аткарган ОТЧЕТУ**

Кафедранын студенттик илимий- изилдөө ишмердүүлүгү бекитилген иш мерчемине ылайык жүргүзүлдү:

1. Окуу жылынын башында сентябрь айында студенттик илимий ийримдин (СИИ) курамы тактап түзүлдү- “Спасатели” СИИ курамы 12 студенттен туруп, жетекчиси кафедра окутуучусу Эрмекбаев Н.А. болду (№1 тиркеме).
2. Ар ай сайын “Спасатели” СИИнин ийримдик чогулушу өткөрүлүп жатты.
3. ЭМ жана ӨК кафедрасынан студенттик олимпиадага даярдалып катышкан студент болгон жок.
4. Кафедра башчысынын жетекчилигинде ноябрь жана апрель айларында студенттик ийримдин курамынын арасында илимий макала жазуунун ыкмалары боюнча семинар уюштурулду.
5. Декабрь айында “Спасатели” СИИдин курамынан тышкары илимге шыктуу студенттердин катышуусу менен иш мерчемине ылайык, илимпоз- окумуштуулар менен жолугушуу алкагында м.и.д. профессор Ыдырысов И.Т менен жолугушуу өткөрүлдү.
6. СИИ курамы жана Лк 4-19, Лк 6-19 тайпаларынын студенттеринин катышуусу менен *“5-октябрь КРда Кырсыктардын тобокелчилигин төмөндөтүү күнүнө”* карата тобокелчиликти алдын- алуу жана кырсык маалында жабыркагандарга биринчи жардамды өз убактысында көрсөтүүнүн зарылчылыктары тууралуу семинар- тренинг өткөрүлдү.
7. Кафедранын окутуучулары менен биргеликте 1-декабрда *“Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү”* күнүнө утурлап студенттик семинар өткөрүлдү, активдүү катышкан студенттер жана мыкты доклад ээлери грамота жана дипломдор менен сыйланды.
8. Кафедра башчысы м.и.к. доцент Мамажакып уулу Чынгызбектин жетекчилиги астында 2022- жылы 27- апрелинде "Илим жумалыгы-2022" XXVII илимий-студенттик конференцияга Лк 4Б-19 тайпасынын студенти Исакова Акчолпон *«Организация оказания медицинской помощи пострадавшим при дорожно-транспортных происшествиях в Ошской области КР»* аттуу докладка биргеликте даярдалды жана аталган конференцияда сыйлуу 1- орунду ээледи (№2 тиркеме).
9. Окуу жылынын аягында аткарылган иш- чаралардын отчету жыйынтык чогулушта берилди.

**«Экстремалдык медицина жана өмүр коопсуздугу» кафедрасынын башчысы, м.и.к. доцент:** **Ч. Мамажакып уулу**

**Илим боюнча жооптуу:** **Н. Жусупбаев**